КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ТОҢ РАЙОНУ
ТОҢ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ
ТОНСКОГО АЙИЛЬНОГО АЙМАКА

Тоң айылдык Кеңешинин VII чакырылышынын XIII сессиясы

**ТОКТОМ №10**

**«15» февраль, 2023-жыл** **Тоң айылы**

## Тоң айыл өкмөтүндөгү МАЖФнынын жерлерин ижарага берүү тартиби жана ижара акысын кароо жөнүндө

Тон айыл өкмөтүнүн жер турак жай комуналдык чарба боюнча башкы адиси С.Кабылжановдун МАЖФынын жерлери боюнча маалыматын угуп, талкуулап Тоң айылдык кенеши **токтом кылат**:

1. Тоң айыл аймагынын Кажы-Саз айылындагы МАЖФнын чөп чабынды жерлеринен өйдөкү жана ылдыйкы П тилкелериндеги жерлер 2 га айланасында 1 гектары 700(жети жүз) сомдон, калган тилкелер 3,0 га айланысында 1 гектары 500 сомдон лотторго бөлүнүп конкурстук негизде 5 жылга ижарага берилсин.
2. Ак-Булуң участкасындагы МАЖФнын сугат айдоо жерлери 1,0 га айланасында 1,0 гектары 1800 сомдон конкурстук негизде ижарага берилсин.
3. Бир жаранга 2 лотко гана конкурска катышууга укук берилип, 1-лоттон утуучу болуп табылса 2-лотко катышуудан четтетилсин.
4. Айыл чарба министирлигине өткөн жерлер ижарага берилбей айыл өкмөткө өткөрүлүп берилсе жогорку өлчөм, ижара акылары колдонулуп ижарага берүү атайын комиссияга тапшырылсын.
5. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Тоң айыл өкмөтүнүн айыл чарба жерлерин ижарага берүү боюнча атайын комиссияга жүктөлсүн.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Тоң айылдык кеңешине тапшырылсын.

**Төрага** **Ж.Турдуев**

**Жооптуу катчы** **А.Жумашев**